# КӨРКӨМ ӨНӨР ТУУНДУЛАРЫНА АДАМЗАТТЫН АКСИОЛОГИЯЛЫК МАМИЛЕСИНИН ТАРЫХЫНАН

**ЖАНТАЕВ А.С.**
biblionsu@rambler.ru

*Макалада адам баласы эзелтен эле көркөм өнөр туундуларына баалуулук катары карап келгени жөнүндө сөз болот. Ошол себептен азыр көркөм адабияттын үлгүлөрүн баалуулуктук аспекттен изилдөө зарылдыгы туулганы белгиленет.*

Көркөм өнөр (искусство) адамдын жашоо ишмердүүлүгүнүн эң байыркы формаларынын бири. Ал кең жана тар маанилерде түшүнүлөт. Кең маанисинде көркөм өнөр деп адамдын ар кандай чыгармачыл түзүүчү ишмердиги түшүнүлөт да, бул маанидe өндүрүш да, дин да, дегеле адамзаттык ишмердүүлүк аймагына киргендин баары, адам колунан бүткөндүн баары көркөм өнөрдүн формалары болушат [1, 45-б.].

Тар мааниде көркөм өнөр деп көркөм чыгармачылыктын ар кыл формаларындагы (сүрөт, музыка, поэзия ж.б.у.с.) процесс жана анын натыйжалары түшүнүлөт[1, 46-б.]. Так ушул маани азыркы цивилизация үчүн негизгиси болуп саналат да, биз көркөм өнөр (искусство) терминин дал ушул маанисинде колдонобуз.

Байыртадан эле адам баласы көркөм өнөр туундуларына аксиологиялык, же баалуулуктук (дөөлөттүк) мамиле жасаган. Адамзат көөнө замандардан бери эле ар дайым сонундукка, асылдыкка, көркөмдүккө умтулган. Муну байыркы адам колунан чыккан нечендеген тарыхый-маданий эстеликтер айкындап турушат. Алсак, соңку палеолит доорунун башында гравирленген сүрөттөр, боёк менен тартылган сүрөттөр, рельеф жана тоголок скульптура пайда болгон. «Таштагы, сөөктөгү жана мүйүздөгү гравирленген сүрөт кремний кескич менен аткарылган; кээде жөн гана манжа менен үңкүрдүн дубалына шыбалган чопого тартышкан...

Тоголок скульптура таштын жумшак породаларынан, мүйүздөн, сөөктөн, чоподон жана, ыктымал, жыгачтан жаратылган. Рельеф айрым таштарга же үңкүрдүн дубалдарына оюлган, анда жаныбарлардын сөлөкөтүн эске салган асканын табигый беттери пайдаланылган. Мурдараак алгачкы коомдогу сүрөтчү алар өлтүргөн жаныбарлардын терисинен натуралдык макет жараткан...» [2, 10-11-бб.]. Кийин, үстүңкү палеолит доорунда, аялдардын скульптуралык сөлөкөттөрү жасалган. Бул кеңири аймакка таралган массалык кубулуш болгон. «Бири биринен өлчөмү, стили, бөлүгү жана материалы (көбүнчө пил сөөгү, сейрек – таш), бул көп сандаган пластикалык сөлөкөттөр (фигуркалар) ич ара аз эмес жалпылыкка ээ: бул дайыма жылаңач аял сөлөкөтү, адатта редуцирленген буттары жана колдору менен. Ориньяк дооруна тийиштүү кылынган бул статуэткалар адамзат тарыхындагы көркөм сүрөт өнөрүнүн эң байыркы эстеликтери катары эсептеле алышат да, бир эле ушунун өзү аларга кызыгууну актайт» [3, 552-553-бб.]. А.П.Окладников адилет белгилегендей: «Көркөм өнөрдү адамдын коомдук керектөөлөрү жашоого чакырган жана алар менен бирге, алардын негизинде өнүккөн» [4, 20-б.]. Ошентип, көркөм өнөр чыгармаларын жаратуу, ал туундуларга аксиологиялык мамиле кылуу адамзат тарыхынын тээ байыркы башаттарынан эле байкалат.

Азыркы учурда үңкүр көркөм өнөрү деп аталган тарыхый-маданий эстеликтер белгилүү. Бир эле Франциядан сүрөттөр менен шөкөттөлгөн жүздөгөн үңкүрлөр табылган. Аларда ар кыл белгилер, жаныбарлардын элестери түшүрүлгөн. «Үңкүр көркөм өнөрү өзүнүн өнүгүүсүндө үстүңкү палеолиттин эң башына тийиштүү айкын эмес белгилерден жана биринчи примитивдүү сүрөттөрдөн баштап, бир катар уланмалуу стадияларды өтөт. Үңкүр көркөм өнөрүнүн эволюциясынын беш негизги мезгилин санашат. Алардын ар бирине өз стилистикалык өзгөчөлүктөрүнө, техникасына, сюжеттер топтомуна ээ эстеликтер тобу туура келет» [5, 176-б.]. Биринчи мезгилде колдун сүрөтү ж.б. аныкталбаган белгилер түшүрүлгөн. Алар боёк чачуу, же боёкко малынган колду басуу, же жумшак чопого чийүү аркылуу жасалган. Анан жаныбарлардын сөлөкөттөрү таанылган контурлук

сүрөттөр пайда болгон. Булар манжа менен чийилген. Кээде ичи кара же кызыл боёк менен боёлгон. Экинчи мезгилде (б.з.ч. XVIII-XV миң жылдыктар) сүрөттөр деталдаштырыла баштаган: жаныбарлардын жүнү кыйгач параллель штрихтер менен берилет, кошумча өңдөр (сары жана кызыл охранын ар кыл ыраңдары) кирет. Үчүнчү мезгилде үңкүр көркөм өнөрү өз апогейине жетет. Чоң-чоң үңкүрлөрдүн төбөсүн, боорун бүт жапкан анималисттик ансамблдер түзүлөт. Бул мезгилде сүрөтчүлөр чеберликке ээ болуп калышат. Төртүнчү мезгилде стилизация күч алган. Бешинчи мезгилде сөлөкөттүк реалисттик сүрөттөр жокко чыгат. Көркөм өнөр эмнеден башталса, ошого кайтат. Үңкүр боорлорунда сызыктардын башаламан чырмалышуулары, чекиттердин катарлары, айкын эмес схематикалык белгилер пайда болот. Ошентип, адам баласы эң байыркы мезгилдерде эле көркөм өнөр туундуларына аксиологиялык мамиле кыла баштаганын көрөбүз. Палеолит доорунун көркөм өнөрү «көркөм өнөрдүн кийинки көптөгөн формалары менен типтеринин пайдубалы, кандайдыр баштапкы, түйүлдүктүк формасы катары карала алат» [6, 47-б.].

Көркөм өнөрдүн эң маанилүү формаларынын бири – адабият. Биз төмөндө адабий туундуларга карата адам баласынын аксиологиялык мамилеси жаатында кеп кылабыз.

Көркөм адабияттын эң алгачкы башатында миф турары белгилүү. Ал философиянын да, диндин (религиянын) да, көркөм өнөрдүн (адабияттын) да негизин түзөөрү ырас. Миф аркылуу адамдын ишмердигинин сөзгө байланышкан тармактары тутумдашып кетет. Ал тууралуу К.Асаналиев менен Р.Кыдырбаева мындай дешет: «Миф. Табияттагы, же коомдук турмуштук кандайдыр бир окуяны, кубулушту фантастикалык образ менен сүрөттөгөн чыгарманы миф дешет. Байыркы мезгилде миф бардык элдерде пайда болгон...» [7, 326-б.]. Мындагы көңүл бура турган жагдай мифтин «чыгарма» экендиги. Дагы бир аныктамага кайрылсак: «Миф (гр. – улама, сөз) – байыркы адамдардын жашоо-тиричилик тууралуу ой жүгүртүүлөрүнөн улам пайда болгон, жаратылыш көрүнүштөрүнүн сырлары, кудайлар жана ойлоп чыгарылган ар кандай укмуштуу күчтөр жөнүндөгү чыгармалар» [8, 56-б.] делет. Ошентип, миф – бул адам акылынан жаралган алгачкы көркөм адабий туунду.

Азыркы учурдагы эң бир абройлуу мифтерди изилдөөчү Мирча Элиаденин аныктамасы миф түшүнүгүн кеңирээк туюнууга жардам берет. Ошондуктан аны келтире кетели: «...Миф ыйык таржымалды баяндайт, «бардык башталмалардын башталмасынын» алыскы мезгилдеринде болуп өткөн окуялар тууралуу баян кылат. Миф табияттан тыш жандыктардын эрликтеринин аркасында реалдуулук, мейли ал баарын камтыган реалдуулук, космос же анын фрагменти гана: арал, өсүмдүктөр дүйнөсү, адам жүрүм-туруму же мамлекеттик түзүлүш болсун, кандайча өзүнүн жүзөгө ашырылуусуна жеткенин аңгемелейт. Бул дайыма кайсы-бир «жаралга» жөнүндө аңгеме, бизге эмнедир бир нерсе кандайча болуп өткөнү кабарланат да, мифте биз ошол «бир нерсенин» жашоосунун башаттарында турабыз... мифтин кейипкерлери – табияттан тыш жандыктар... Миф алардын жаратмандык жигердүүлүгүн ачат жана алардын иштеринин ыйыктыгын (же жөн эле табияттан тыштыгын) байкайт. Жалпысынан миф бул дүйнөдөгү ыйыктын (же табияттан тыштын) ар кыл, кээде драмалуу, кубаттуу көрүнүштөрүн тартып берет. Так ушул көрүнүштөр Дүйнөнү жаратуунун реалдуу негизи болушкан жана аны ал бүгүн кандай болсо ошондой кылышкан. Ашыра айтсак, так эле табияттан тыш жандыктардын кийлигишүүсүнүн натыйжасында адам кандай болсо ошондой, - өлүүчү, эки жыныска бөлүнгөн, маданиятка ээ болуп калган...» [9, 15-16-бб.]. Мындан чыгуучу жыйынтык, миф – бардыгынын башаты деген ой.

Дүйнө элдеринин мифтери кылымдан кылымга өтүп сакталган. Себеби, адам баласы мифке аксиологиялык мамиле кылып, аны дөөлөт катары карап, ооздон оозго айтып, учугун үзбөй уланткан. Ар бир доордо, ар бир калкта, ар бир цивилизацияда өзүнүн мифологиясы жаралып турган. Бул тууралуу Б.Малиновский минтип айткан: «Миф, боло келгендей, ар кандай маданияттын алмашылгыс курамдык бөлүгү болуп саналат. Биз көргөндөй, ал дайыма регенерацияланат; ар бир тарыхый өзгөрүү өз мифологиясын жаратат, ал, бирок, тарыхый фактылар менен болгону кыйыр түрдө гана байланышкан. Миф – бул кереметтерге муктаж болгон жандуу ишенимдин, прецедентти талап кылган социалдык статустун, санкция керек болгон моралдык эреженин дайымкы кошумча азыгы» [10, 93-б.]. Демек, мифке адам баласы ар дайым дөөлөттүк мамиле жасап келгени анык. Ошол

себептен ал гуманитардык илимдердин бир кыйласына изилдөө үчүн объект болуп отурат. Учурунда кыргыздын залкар калемгери, ойчулу Ч.Айтматов мифология да «маданий дөөлөт системасына кирерин» [11, 249-б.] айткан болчу. Бул калетсиз чындык.

Башка элдердин мифтерин жайына коюп, өзүбүздүн элге таандык «Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулуу», «Ак сары ат, көк сары ат», «Тоотай мерген жана үч аркар» ж.б. мифтердин мазмунуна абай салсак, аларда деле дүйнөнүн (жылдыздардын) жаралышы тууралуу ойлор камтылганын көрөбүз. Мындан тышкары элдин (адамдын) жаралышы тууралуу мифтер дагы арбын. Андыктан, мифтер дөөлөттүк (баалуулуктук) мазмунга ээ экендигине кантип ынанбай коё алабыз? Ч.Айтматовдун бул жааттагы байкоолорунан бир нечесине кайрылсак: «Албетте, мифология – ал өмүрүбүздү иликтеш үчүн тартылган көшөгө. Ал фонсуз, ал жерпайсыз сүрөт да, имарат да курулбайт» [11, 250-б.]; «Мурда болгон нерселердин бардыгы, бардык окуялар менен адамдар, мейли реалдуу болсун, уламыш катары, миф катары кабылданат» [11, 261-б.]. Бул шилтемелер да миф дөөлөттүк каситке ээ экенин айкындап турат.

Дүйнө элдеринин мифологиясында адамдын келип чыгуусу, дүйнөнү жаратуу тууралуу мифтер арбын. Мисалы, келип чыгуу тууралуу жаңызеландиялыктардын мифи, байыркы египеттиктердин жаратуу тууралуу мифи, вавилондуктардын дүйнөнү жана адамдарды жаратуу тууралуу мифи ж.б.

Гуманитардык билимдерде сөзгө тикелей байланыштуу дагы бир байыркы тармак бар. Ал – адабият. Азыркы учурда адабият деп көбүнчө көркөм адабиятты гана түшүнүү кабыл алынган. А чынында адабият маданий түзүлүш катары көркөм адабияттан кыйла кеңири түшүнүк. Ал адамдын сөздүк ишмердүүлүгүнө байланышкандын баарын ичине алат. Адам баласы болсо эң көп сандагы адабий мурастарды калтырган. Анын ичинде оозеки да, жазуу жүзүндө да сакталгандары бар. Алардын баарына адамзат илгери да аксиологиялык (дөөлөттүк) мамиле кылып келген, азыркы күндө да аларга дөөлөттүк мамиле кылуусунан жаза элек.

Байыркы дүйнөнүн адабиятындагы көркөм дөөлөттөргө кайрылсак, төмөнкүлөрдү атоого болот: «Египеттиктердин өлгөндөр китеби» (азыркы аталышы); байыркы шумерлердин «Гильгамеш жөнүндө эпосу»; байыркы еврейлердин «Эски Осуяты», «Ырлардын ырлары», «Агадасы»; байыркы ирандыктардын «Авестасы»; байыркы индиялыктардын «Махабхаратасы», «Рамаянасы»; байыркы кытайлыктардын «Шицзини»; байыркы гректердин «Илиадасы», «Одиссеясы»; байыркы римдиктердин «Энеидасы». Албетте, бул аталгандар байыркы дүйнөнүн сакталып калган адабий мурастарынын бир аз гана бөлүгүн түзүшөт. Бирок ушул тизме эле адамзаттын көөнө доорунан бизге нечендеген көркөм дөөлөттөр мураска калганын күбөлөп турушат. Алар азыркы күндө да кайра-кайра басылып, иликтенип келатышат. Алсак, «байыркы египеттиктерден, балким, маданияттын тарыхында биринчи жолу биз сулуулуктун, сонундуктун (нефер) өтө жогору өнүккөн сезимин табабыз»[6, 63-б.] делет. Ошондой эле «шумер үчүн сонундуктун булагы баарынан мурда анын тотеми» [6, 82-б.] болгону айтылат. Ал эми «сонун». «сулуу» «ажайып» сөздөрү авесталык тилде этимологиялык жана семантикалык жактан «жакшы», «акниет», «изги» сөздөрү менен ажырагыс байланышкан [6, 98-б.]. Маркстын байкоосунда болсо грек көркөм өнөрү жана адабияты «...адам коомунун балалыгы ал кайсы жерде баарынан сонун өнүккөн болсо ошол жерде» [12, 467-б.] экенин чагылтат. Мына ушундан эле адам баласы адабий чыгармаларга ар убак дөөлөттүк мамиле жасап келгенин, адабий чыгармаларда адамзаттын артык көргөн дөөлөттөрү орун алганын байкайбыз.

Орто кылымдар жана Кайра жаралуу доорлорунан да адамзаттын кийинки муундарына орчундуу адабияттык көркөм дөөлөттөр калган. Аларга болгон кызыгуу адам баласында азыркыга чейин өчө элек. Себеби, алардын дээрлик көбү көркөм дөөлөттүк маани-мазмунга ээ чыгармалар. Ал доорлордон бизге мураска калган чыгармалардын тулкусунда ошол замандагы адамдардын дөөлөттүк түшүнүктөрү орун алган.

Чыгыштын (Индиянын, Кытайдын, Япониянын) Орто кылымдардагы көркөм дөөлөттөрү катары төмөнкүлөрдү атай алабыз: индиялыктардын «Панчатантрасы», «Бхаратакадватриншатиси»; кытайлыктардын «Үч падышалык» (автору Ло Гуаньчжун), «Батышка сапар» (автору У Чэнүэнү), «Алтын кумурадагы кара өрүк гүлдөрү, же Цзинь, Пин, Мэй» (автору белгисиз, каймана ысымы

«Ланьлиндик күлдүргүч») романдары; япондуктардын «Исэ-моногатариси», «Гэндзи жөнүндө баяны» (автору Мурасаки Сикибу), «Жаздык алдындагы жазмалары» (автору Сэй Сёнагон).

Орто кылымдардагы мусулман дүйнөсү да бир далай көркөм дөөлөттөрдү калтырган. Ыйык мусулман адабиятына баарыдан мурда Куран менен Сунна киришет. Албетте, Куран азыркы учурда да мусулмандардын ыйык китеби катары колдон түшпөй окулат. Аны азыр да талдап, чечмелеп келишет. Чынында да анын тулкусунда дөөлөттүк маани-мазмунга ээ болгон касиеттер камтылган. Мындан тышкары «Калила менен Димна» чыгармасы жаратылган. Ал «Панчатантранын» негизинде иштелип чыккан. Ошондой эле мусулман дүйнөсүнүн Рудаки, Фирдоуси, Омар Хайям, Низами, Руми, Саади, Хафиз, Жами өңдүү өлбөс-өчпөс чыгармачыл инсандарынын ысымы дүйнөлүк адабияттын, маданияттын тарыхына жазылып калган. Мусулман дүйнөсүндө үч адабий тил жашаган: араб, перс жана түрк тилдери. Ушундан эле адамзаттын көркөм дөөлөттөр казынасына Орто кылымдардагы мусулмандардын салымы зорлугун көрө алабыз.

Орто кылымдардагы адамзаттык көркөм дөөлөттөр тууралуу кеп кылганда Византия адабиятын кыйгап өтө албайбыз. Бул өлкө миң жылга чукул жашаган. Анда өзүнчөлүктүү адабият жаралган. Анын адабияты көп жагынан антик адабиятынын салттарына таянат, бирок анда христианчылыктын жайылышы менен байланышкан жаңы жанрлар жана стилдер пайда болот (мисалы, агиография – ыйыктардын турмушу тууралуу прозалык жанр, диний гимнография – поэтикалык жанр). Византия адабиятынан азыр да кызыгуу бөксөрбөй келаткан көркөм дөөлөттөрдү белгилесек, алар төмөнкүлөр: «Стратегикон» (автору Кекавмен), «Тарых» (автору Лев Диакон), «Хронография» (автору Михаил Пселл).

Орто кылымдардагы Европада да нечендеген көркөм дөөлөттөр жаралып, кийинки муундарга өткөрүлгөн. Орто кылымдар адабияты жанры боюнча да, агымдары жана багыттары боюнча да абдан көп түрдүү. Ал замандан ар бир европалык улутта кайырдиндик мезгилге тийиштүү уламыштар менен аңыз-баяндардын зор катмары сакталып калган. Бул улуттук тилдердеги адабияттардын башатын түзгөн. Ошондой эле бул мезгилдерде тарыхый хроникалар, рыцардык романдар, ыйыктардын өмүрбаяндары, үгүттөр, насыяттар абдан көп жазылган. Улуттук тилдердеги адабияттар жаралган. Негизи адамзат көркөм акыл-оюнун өнүгүшүндө орто кылымдардын ойногон ролу зор. Биз ал кезектин көркөм дөөлөттөрүнөн мисал катары эки гана чыгарманы атасак жетиштүү болот. Алар төмөнкүлөр: Пьер Абелярдын «Менин кырсыктарымдын тарыхы» автобиографиясы, Данте Алигьеринин «Кудайлык комедия» чыгармасы. Ошентип Орто кылымдар доорунда да адам баласы көркөм чыгармачылыктын туундуларына зор маани берип, аларга дөөлөттүк мамиле кылуусун уланткан. Ал замандын көптөгөн чыгармаларына кызыгуу али да болсо жоюла элек.

Дүйнөлүк маданияттын тарыхындагы Кайра жаралуу доору негизинен Европага таандык. Ал XIV кылымдын ортосунда Италияда башталып, XVI-XVII кылымдарда Европанын башка өлкөлөрүнө жайылган. Бирок ар бир европалык өлкөдө ал өзүнүн мезгилдик алкактарында жана өз бетинче өткөн. Бул мезгилдин адабияты ушунчалык бай жана көп түрдүү, андыктан аны кыскача мүнөздөө өтө кыйын. Ал кезекте адабиятта дүйнөнүн сулуулугуна, адамга жана анын иштерине суктануу орун алган, поэзиянын эң маанилүү темасы сүйүү болуп калган. Мына ушундан эле адамзаттын көркөм туундуларга аксиологиялык мамилесинин тереңдей баштаганын көрөбүз.

Италиянын ири жазуучулары Петрарка, Боккаччо, Ариосто; Германияныкы – Эразм Роттердамдык, Гуттен, Рейхлин, Брант; Францияныкы – Рабле, Вийон, Ронсар, Лабе, Монтень; Англияныкы – Чосер, Сидни, Спенсер, Шекспир; Испанияныкы – Сервантес, де Кеведо болушкан.

Биз ал замандагы көркөм дөөлөттөрдөн мисал катары бир канчасын атай кетели: «Декамерон», «Акмактар кемеси», «Гамлет». Аталган чыгармалар азыркы күндө да баалуулугун жоготпой, адам акыл-эсин өзүнө тартып келатат. Анткени, «ренессанстык көркөм өнөрдүн негизги темасы адам, өзүнүн руханий жана денелик күчтөрүнүн гармониясына ээ адам болуп калат», «көркөм өнөр адам инсанынын мыктылыгын, адамдын дүйнөнү таанып билүүгө чексиз жөндөмдүүлүктөрүн даңазалайт» [13, 131-б.]. Аларды иликтеп, талдап, ошол замандагы адамзаттык дөөлөттөргө күбө болуп, азыркы адамдар кандай дөөлөттөрдү тутунушарына салыштырып, адамдын жандүйнөсү, ал тутунган бийик дөөлөттөр тууралуу кызык маалыматтарга ээ болобуз.

Жаңы мезгилдин маданияты дагы адам баласына арбын көркөм дөөлөттөрдү тартуулады. Бул доордо деле адамзат маданияттын үлгүлөрүнө аксиологиялык мамиле кылууну алдыңкы орунга коюп келди. Жаңы мезгил шарттуу түрдө үч доорго бөлүнөт: Агартуу доору, XIX кылым, XX кылым. Көрүнүп тургандай, Жаңы мезгил узак убакытты ичине алат. Биз ушул замандын адабиятында жаратылган көркөм дөөлөттөргө кыскача токтолууга аракет кылабыз.

Агартуу доорунда роман жанры абдан популярдуулукка ээ болгон. Доордун адабиятына агартуучулардын идеялары чоң таасир кылган. Алардын көбү өздөрү мыкты жазуучулар болушкан. Атай кетсек, Англияда – Даниель Дефо, Жонатан Свифт, Генри Филдинг, Жон Мильтон; Францияда – Вольтер, Жан-Жак Руссо; Германияда – Готхольд Эфраим Лессинг, Иоганн Вольфганг Гёте кыйла белгилүү эле. Бул ысымдар окулган соң адам баласы азыркы күнгө чейин кызыгып окуп келаткан чыгармаларды атоо деле кыйындык туудурбайт: «Молль Флендерс» (Д.Дефо), «Гулливердин саякаттары» (Ж.Свифт), «Кандид» (Вольтер).

Агартуу доорунда «...көркөм өнөрдүн максаты – жакшылык жана сулуулук» [13, 314-б.] экени жар салынат. Руссо табигый адам идеалын жайылтып, «...Көркөм өнөрлөр өзүнүн келип чыгышы үчүн биздин бузукулуктарыбызга милдеттүү» [13, 316-б.] деген ойду ортого таштайт. Дидро идеалдуу образдарды түзүүчү нукура, терең чындыкты жактап чыгат [13, 326]. Ошентип, көркөм өнөр туундуларына аксиологиялык мамиле кылуунун жаңыча кырлары ачылат.

XIX кылымдын адабиятын дагы кыскача мүнөздөө кыйын. Мында биз сандаган даанышман жазуучулардын ысымдарына гана эмес, нечендеген идеялык агымдарга, багыттарга да дуушар болобуз. Бул замандагы маанилүү агымдар: классицизм, романтизм, реализм, натурализм жана символизм. Бул агымдардын көрүнүктүү өкүлдөрү төмөнкү жазуучулар менен акындар болушкан.

Классицизмдики: Германияда – Иоганн Вольфганг Гёте, Иоганн Фридрих Шиллер.

Романтизмдики: Германияда – Генрих фон Клейст, Эрнст Теодор Амадей Гофман; Англияда – Вальтер Скотт, Жорж Ноэль Гордон Байрон, Жон Китс, Перси Биш Шелли; Францияда – Жорж Санд (Аврора Дюдеван); Россияда – А.С.Пушкин, М.Ю.Лермонтов.

Реализмдики: Францияда – Оноре де Бальзак, Виктор Гюго, Гюстав Флобер, Проспер Мериме, Стендаль (Анри Мари Бейль); Англияда – Чарльз Диккенс, Уильям Мейкпис Теккерей, Жон Голсуорси, Жорж Бернард Шоу; Россияда – Л.Н.Толстой, Ф.М.Достоевский.

Натурализмдики: Францияда – Эмиль Золя, биртуугандар Эдмон жана Жюль Гонкурлар.

Символизмдики: Австрияда – Райнер Мария Рильке; Бельгияда – Морис Метерлинк; Францияда – Поль Верлен, Артюр Рембо.

Гетенин поэзиясы – бул «нукура көркөм өнөрдүн жана таза сулуулуктун аткан таңы» [14, 298-б.] деп бааланат. Ф.Шлегелдин оюу боюнчпа келечекте ар бир адамдын турмушу «көркөм өнөрдүн чыгармасын» [15, 333-б.] элестетүүгө тийиш, башкача айтканда «бүтүн», сулуу жана гармониялуу, мазмуну жактан бай жана ар тараптуу, «ичкертен жарыктанган» болушу керек. Ошентип, көркөм өнөргө аксиологиялык мамиле уланмалуу өнүгө берет.

Тыянактасак, XIX кылымдагы европалык адабиятта адабий агымдар да арбын, ага жараша чыгармачылыгы өзүнчөлүктүү белги-бетелерге ээ акын-жазуучулардын саны да көп. Ал эми азыркыга чейин аксиологиялык мааниси жоголбогон, адамзатка эстетикалык ыракат тартуулап келаткан чыгармалардан бирди жарымын атасак, төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот: «Адамзаттык комедия», «Жаш Вертердин азаптары», «Оливер Твисттин жоруктары», «Евгений Онегин», «Бир тууган Карамазовдор» ж.б.

XX кылым абдан зор чайпалуулардын мезгили болду. Алсак, адамзат эки жолу алаамат согуштарды – Биринчи жана Экинчи Дүйнөлүк согуштарды баштан кечирди. Мыдан тышкары идеологиялык системалардын атаандашуулары да орун алды. Ушунун баары маданияттын, адабияттын өнүгүшүнө таасир кылды.

XX кылымдагы дүйнөлүк адабиятта мыкты жазуучулар абдан көп. Ал жанры жана багыттары боюнча да өтө ар түрдүү. Адабиятта маанилүү орунду согуш темасы – алгач Биринчи, анан Экинчи Дүйнөлүк согуштар ээледи. Согушту баштан кечирге адамдар аны катаал жана пайдасыз кыргын деп табышты, бул «жоголгон муун» деп аталган жазуучулардын чыгармачылыктарынан чагылуу тапты,

анын көрүнүктүү өкүлдөрү Э.М.Ремарк, Э.Хемингуэй, У.Фолкнер эле. Экинчи дүйнөлүк согуш адабиятта башка дагы бир чечилишке ээ болгон – мында фашизмге каршы күрөш темасы башкы орунга чыккан. Бул кылымдагы чыгармаларды карасак, дээрлик көбү адамзаттык оң баалуулуктарга арналат. Башкача айтканда, адамдын адабий туундуларга аксиологиялык мамилеси болуп көрбөгөндөй күчөйт.

XX кылымдын адабиятынын алдыңкы жанрларына социалдык романды (Т.Манн, Т.Драйзер, Р.Роллан, Д.Ж.Голсуорси, Ф.С.Фицжеральд, Ч.Айтматов ж.б.), тарыхый романды (Л.Фейхтвангер, Т.Уайлдер, Т.Манн, Т.Касымбеков, Т.Сыдыкбеков ж.б.), философиялык романдарды, новеллаларды жана аңгемелерди (М.Пруст, Г.Гессе, Ж.П.Сартр, А.Камю, Ж.Фаулз, У.Эко, К.Жусубалиев ж.б) кошууга болот. XX кылымдын ортосундагы жана аягындагы дүйнөлүк маданияттын эң бир жаркын кубулушу латынамерикалык адабият болду. Ал «фантастикалык реализм» өзгөчө жанрын жаратты.

XX кылымдын соңу үчүн «текст менен ойноо» мүнөздүү болгон «постмодернисттик» адабияттын, жана анын алкагында – компьютеризациянын таасири аркасында – гипертекст формасында адабий чыгармаларды жаратуунун пайда болушу өзгөчө белгилөөгө арзыйт.

Мындан тышкары, XX кылымдын маданияты үчүн «массалык адабият» деп аталган кубулуш мүнөздүү.

Негизи эле XX кылымдын адабиятында адамдын акыл-эсин айран кылган адабий туундулар мол. Азыр да алардын тегерегинде талаш-тартыштар токтобой келет. Изилдөөчүлөрдүн кыйласы XX кылымдагы адабий чыгармалардын аксиологиялык мазмунуна, алардын дөөлөттүк касиет-сапаттарына артыкча көңүл бурушат. Учурдагы адабияттаануунун өнүгүшү да ушуну талап кылууда.

XX кылымдагы дүйнөлүк адабияттын жана кыргыз адабиятынын даңазалуу үлгүлөрүнөн бир нече мисалдар келтирсек, алар төмөнкүлөр: «Кереметтер дүкөнчөсү», «Нарцисс менен Гольдмунд», «Улисс», «62. Жыйноо үчүн үлгү», «Жазуу куралдары үчүн үкөк», «Кыямат», «Сынган кылыч», «Көк асаба», «Муздак дубалдар» ж.б. Албетте, бул жерде XX кылымдагы дүйнөлүк адабияттын дөөлөттүк касиетке ээ туундуларын бүт тизмектеп чыгуу мүмкүн эмес. Ошол себептен биз айрымдарын гана атап жатабыз. Булардан башка да аксиологиялык маани-мазмунга ээ, дөөлөттүк касиет-сапаттары мол чыгармалар толтура. Биздин негизги максатыбыз – адам баласынын көркөм чыгармачылыктын туундуларына аксиологиялык (чындай келсе философиялык) мамилеси тээ байыркы мезгилден тартып эле уланып келатканын гана көрсөтүү. Аксиология илимий тармак катары XX кылымда гана түптөлгөнү менен, адам баласы эзелтен эле өз колунан бүткөн көркөм жаралгаларга дөөлөттүк мамиле жасап келген. Мына ушул фактыны билүү учурда кыргыз адабияттаануусунда аксиологиялык пландагы изилдөөлөрдү жүргүзүү абадай зарыл экендигин тастыктайт.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Нуржанов Б.Г. Культурология: курс лекций. – Алматы: Университет «Кайнар», 1994
2. История искусства зарубежных стран: Первобытное обнщество, Древний Восток, Античность. – Москва: Изобразительное искусство, 1981
3. Токарев С.А. Ранние формы религии. – Москва: Политиздат, 1990
4. Окладников А.П. Искусство эпохи палеолита. – История искусства народов СССР. Т.1. – Москва: 1972
5. Мириманов В.Б. Первобытное и традиционное искусство. – Москва: Искусство, 1973
6. История эстетической мысли. В 6-ти т. Т.1. – Москва: Искусство, 1985
7. Кыдырбаева Р., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. – Бишкек: БИЛД, 2004
8. Шериев Ж.. Муратов А. Адабият: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. – Бишкек: Кыргызполиграфкомбинаты, 1994
9. Элиаде М. Аспекты мифа. – Москва: Инвест-ППП, 1995
10. Малиновский Б. Миф в примитивной психологии // Культурология: Дайджест. – Москва, 2004. - №1.

11. Айтматов Ч. Бизди ойготкон китептер. Китепте: Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизда жаңыртат. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988
12. Маркс К., Энгельс Ф. Сочинения. Т.22.
13. История эстетической мысли. В 6-ти т. Т.2. – Москва: Искусство, 1985, 131-бет
14. Литературная теория немецкого романтизма. – Ленинград: 1934
15. Шеллинг Ф.-В. Философия искусства. – Москва: 1966